ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин биринчи жыйынынын

## №1 ПРОТОКОЛУ

*29-август, 2023-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев

*Окумуштуу катчы:* А.А. Абдилазизова

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 28 мүчөсү катышты.

*Күн тартиби:*

- 2023-2024-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин иш планын бекитүү жөнүндө *(Баяндамачы:МИТ факультетинин деканы, ф.-м.и.к., доцент Сопуев У. А.);*
- Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 7-15 минутага чейин жана ар түрдүү маселелер боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**

**Угулду:**

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* 2023-2024-окуу жылына карата факультетибиздин бардык кафедраларынын жана структура башчыларынын иш пландары даярдалып, кафедралардын чечимдери менен бекитилген. Алардын негизинде Окумуштуулар кеңешинин иш планын түзүлдү. Бул иш план алдын ала кафедраларга таркатылган кошумча сунуш пикирлердин негизинде жасалды. Ошондуктан, 2023-2024-окуу жылына карата иш пландарды бекитүүнү сунуштайм жана добушка коём.

Окумуштуулар кеңешинин биринчи жыйыны боюнча математика жана инфомациялык технологиялар факультетинин деканы, ф.-м.и.к., доцент У. А. Сопуевдин маалымдоосу, талкуулоонун жана сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши

Т О К Т О М  К Ы Л А Т:

1. 2023-2024-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин иш планы бекитилсин;
2. Окуу жылынын ичинде кырдаалга жараша иш планга айрым өзгөрүүлөр декандын буйрутмасы менен киргизилсин.

**Ар түрдүү маселелер:**

а) “Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрациялоо” программасынын негизги билим берүү мамлекеттик жаңы стандартын сунуштоо.

УГУЛДУ:

У.А. Сопуев (МИТ факультетинин деканы, доцент): математикалык анализ кафедрасынын алдында тейленүүчү “Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрациялоо” программасынын эксперименталдык окуу планын негизинде түзүлгөн негизги билим берүү мамлекеттик стандартын сунуштоо тууралуу билдирүү түшкөн.

Билим берүү стандарты биринчи жолу түзүлүп жатат, стандарт 2021-жылкы үлгүнүн негизинде түзүлгөн. Бүтүрүүчүлөр калыптандыра турган компетенциялар, окутуудан күтүлүүчү натыйжалар, практиканын түрлөрү ачык жазылып, киргизилген.

У. А. Сопуев “Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрациялоо” программасынын негизги билим берүү мамлекеттик стандартын бекитүүгө добушка койду. Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошуп,

Т О К Т О М   К Ы Л А Т:

1. “Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрациялоо” программасынын негизги билим берүү мамлекеттик стандарты бекитилсин.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

б) КМИГД кафедрасынын доценттери, тех.и.к. Е.И. Шестаков жана тех. и.к. Т.М. Жолдошовдордун «Мультимедиа Photoshop» аттуу лабораториялык курс үчүн методикалык көрсөтмөнү басмага сунуштоо жөнүндө.

Угулду:

*У.А. Сопуев (факультеттин деканы, доцент):* «Мультимедиа Photoshop» аттуу лабораториялык курс үчүн методикалык көрсөтмө КМИГД кафедрасынын доценттери, тех.и.к. Е.И. Шестаков жана тех. и.к. Т.М. Жолдошовдор тарабынан иштелип чыккан. Тиешелүү кафедранын чечими бар. Колдонмого ички жана сырткы рецензиялар берилген. Анда методикалык көрсөтмөнү тааныштыруу үчүн авторго сөз берейин.

*Т.М. Жолдошов (*КМИГД кафедрасынын доценти, тех.и.к.): Бул методикалык көрсөтмө замандын талабына ылайык орус тилинде жазылып, студенттер үчүн жеткиликтүү, түшүнүктүү деңгээлде так берилген. Көрсөтмө лабораториялык сабактарды өтүүдө студенттер үчүн абдан керектүү адабияттардын тизмесине кирет.

Ошондуктан, аталган методикалык көрсөтмөнү басмадан чыгаруу керек деп эсептеймин жана басмага сунуштоо чечимин колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*У.А. Сопуев (факультеттин деканы, доцент):* Анда «Мультимедиа Photoshop» аттуу лабораториялык курс үчүн методикалык көрсөтмөнү басмага сунуштайм жана колго салам.

Окумуштуулар кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

ТОКТОМ

1. КМИГД кафедрасынын доценттери, тех.и.к. Е.И. Шестаков жана тех. и.к. Т.М. Жолдошовдордун «Мультимедиа Photoshop» аттуу лабораториялык курс үчүн методикалык көрсөтмөсү басмага сунушталсын.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин
төрагасы У.А. Сопуев

Окумуштуу катчы А.А. Абдилазизова